КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

Д 13.18.573 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК: 371.1: 372.881 (043.3)

ДЕРГУНОВА ЕЛЕНА ЮРЬЕВНА

ЖОЖдо ТИЛ АДИСТИГИ БОЮНЧА БИЛИМ АЛГАН СТУДЕНТТЕРДЕ КӨП МАДАНИЯТТУУ ИНСАНДЫ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2019

Диссертациялык иш И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды.

Илимий жетекчиси: **Калдыбаева Айчурок Токтополотовна –** педагогика илимдеринин доктору, профессор, И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын башчысы

Расмий оппоненттер: **Сартбекова Нуржан Коодоевна –** педагогика илимдеринин доктору, доцент, Эл аралык инновациялык технологиялар университетинин философия, маданий аралык коммуникация жана психология кафедрасынын башчысы

Жолчиева Айнуру Алибековна – педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Эл аралык Ата-Түрк Ала-Тоо университетинин педагогика кафедрасынын башчысы

Жетектөөчү мекеме: К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасы (720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспекти, 27).

Диссертациялык иш 2019-жылдын _____, саат 13:00до И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча Д 13.18.573 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51).

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (дареги: 720026, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51) жана Кыргыз билим берүү академиясынын (дареги: 72000, Бишкек шаары, Эркиндик бульвары, 25). Илимий китепканаларынан жана дискеңештин сайтынан таанышууга болот (www.arabaev.kg).

Автореферат 2019-жылдын _____таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
педагогика илимдеринин кандидаты, профессор **Джанузаков К.Ч.**

ИШТИН ЖАЛПЫ МАЗМУНУ

Диссертациянын темасынын актуалдуулугу. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө болуп жаткан ааламдашуу процесстери, социалдык-экономикалык мамилелер системасындагы түп тамырынан берки өзгөрүүлөр, коомду, аны менен бирге эле бардык коомдук институттарды, мектептерди кошо демократиялаштыруу буга дейре көмүскөдө калып келген көптөгөн көйгөйлөрдүн бетин ачты. Мындай маселелердин катарына казахстандыктарда көп маданияттты калытандыруу ишин киргизүүгө болот.

Мына ушуга байланыштуу, ЖОЖдогу маанилүү маселелердин бири болуп жогорку билим берүүнүн мазмунундагы көп маданияттуу тутумду кеңейтүү, адистердин дүйнөлүк маданий мураска жана чет тилдерине ээ болуу талаптарынын жогорулашын эсептөөгө болот.

Көп маданияттуу билим берүүдөгү маселелердин актуалдуулугу калктын полиэтникалык жана көп конфессиялуу тутуму менен белгиленүүчү өлкөдөгү этникалык кырдаалдын өзгөчөлүгү менен аныкталган. Этностор аралык мамилелер чөйрөсүндө мамлекеттин расмий саясатын иштеп чыгуу өтө актуалдуу маселелердин бирине айлануда. Муну 1996-жылы кабыл алынган «Казахстан Республикасындагы этномаданий билим берүүнүн концециясы» күбөлөндүрүп турат, ал педагогикалык коомчулукту конкреттүү педагогикалык милдетти чечүүгө – көп маданияттуу инсанды тарбиялоого багытталган. 2009-жылы кабыл алынган «Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы» көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү жаатындагы заманбап талаптарга ылайык билим берүү системасын реформалоого карата стратегиялык мамилелерди аныктаган.

Биздин изилдөөлөрүбүзгө арналган эмгектердин анализи көрсөткөндөй, окумуштуулар тарабынан ар кыл мезгилде өсүп келе жаткан муундун көп маданияттуу тарбиялануусун калыптандыруунун ар кыл аспектилери каралып келген.

Көп маданияттуулүүлүк идеясы илимий тилде ар кандай терминдер менен чагылдырылган: көп маданияттуу билим берүү жана тарбия (В.В. Макаев, З.А. Малькова, Л.Л. Супрунова); мультимаданий билим берүү жана тарбия (Р. Люсиер, Я. Пэй, А.В. Шафикова ж.б.); маданияттар диалогунун мектеби (В.С. Библер); билим берүүдөгү либералдык плюрализм (Б. Уильямс); көптүк маданий билим берүү (Г.Д. Дмитриев); маданияттар аралык окутуу (Л. Г. Веденина); кросс-маданий билим берүү жана тарбия (А.П. Лиферов, Р.Д. Хэнвей ж.б.); интернационалдуу тарбия (Н.К. Крупская, А.В. Луначарский, А.С. Макаренко, В.А. Сухомлинский); мультиперспективалуу билим берүү (Х. Гепферт, У. Шмидт) ж.б.

Биздин изилдөөлөрүбүздүн позициясынан алганда, өзгөчө чет тилдерин окутуу процессинде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу маселелери каралган иштер кызыгууну туудурду (Ю.В. Агранат, И.В. Васютенкова, Т.Ю.

Гурьянова, Л.Ю. Данилова, Т.С. Дегтярева, И.С. Лунюшкина, Е.М. Щеглова ж.б.).

Көп маданияттуу билим берүү жаатында кыргыз окумуштуулары Н.А. Асипованын (улуттар аралык баарлашуу маданиятын калыптандыруу), Т.В. Панкованын (салыштырма этнопедагогика), Г. Адылбек кызы, Л.А. Жданованын, С.Н. Пактын (көп маданияттуу тарбия), Е.Ш. Нусубалиеванын (маданияттар аралык компетенттүүлүк) ж.б. изилдөөлөрү бар. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Н.А. Асипованын улуттар аралык баарлашуу маданиятын изилдөөсү Советтер Союзунун кыйрашы жана постсоветтик республикалардын көз карандысыздыкка ээ болуусу, алардын өзүнүн улуттук иденттүүлүгү жана өз алдынча аныкталган эгемендүү мамлекетке айлануусу менен башталган.

Илимий иштерге жүргүзүлгөн иликтөөлөр көрсөткөндөй, азыркы учурда «көп маданияттуу инсан» феноменинин табиятына карата бирдиктүү көз караш жок, системдүү мамиленин негизинде ЖОЖдордо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу маселеси али да толук кандуу иштелип чыга элек бойдон калууда.

Ошентип, төмөнкүдөй ***карама-каршылыктар аныкталды***:

– студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруудагы коомдун муктаждыктары менен жождогу тил адистигинде билим алган студенттерде изилденип жаткан сапаттардын төмүнкү деңгээли ортосунда;

– жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердигинде аны ишке ашырууда реалдуу мүмкүнчүлүктөрдүн алсыз пайдаланышы менен бул процесстин илимий жана методикалык иштелип чыгуусунун жетишсиздиги ортосунда.

Белгиленген карама-каршылыктар изилдөө маселесин төмөнкүдөй калыптандырууга мүмкүндүк берди: ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды натыйжалуу калыптандыруунун педагогикалык шарттары кандай?

Аталган карама-каршылыктарды жана маселелерди чечүүгө жасалган аракеттер изилдөөнүн темасын: «ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды натыйжалуу калыптандыруунун педагогикалык шарттары» деп тандап алууну шарттады.

Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүүчү жана илимий мекемелер жүргүзүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык изилдөө И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин планына жана О.А. Байконуров атындагы Жезказган университетинин педагогика, психология жана филология кафедрасынын изилдөөсүнүн мамлекеттик бюджеттик темасы катары киргизилген.

Изилдөөнүн максаты: ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды натыйжалуу калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

Изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкүдөй **милдеттер** келип чыкты:

1. ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун иимий-теориялык негиздерин ачып берүү.
2. ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калытандыруунун педагогикалык шарттарын тактоо жана ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун түзүмдүк-мазмундук моделин иштеп чыгуу.
3. ЖОЖдун шартында ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун критерийлерин, көрсөткүчтөрүн жана деңгээлдерин аныктоо.
4. ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун сунушталган моделинин жана шарттарынын эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү.

Алынган натыйжалардын **илимий жаңылыгы:**

1. Теориялык булактарды изилдөөнүн негизинде ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсандын аныктамасы түзүлдү.
2. ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды ийгиликтүү калыптандыруу үчүн педагогикалык шарттар аныкталды жана иштелип чыкты.
3. ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсандын калытануусунун ар кыл деңгээлдерин диагностикалоого мүмкүндүк берүүчү, критерийлердин жана көрсөткүчтөрдүн системасынын маңыздык мүнөздөмөсүн чагылдырып туруучу түзүмдүк-мазмундук модели иштелип чыкты.
4. ЖОЖдо тил адистигинде биз иштеп чыккан «Көп маданият жана көп тилдүүлүк» атайын курсун жана аталган атайын курс боюнча окуу китебин окутуу процессине киргизүү ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калытандыруу процессине позитивдүү таасирин тийгизе тургандыгы далилденди.

Алынган натыйжалардын практикалык мааниси Казак Республикасынын конкреттүү ЖОЖдорунун (ЖезУ жана АркГПИ) ишмердигинде атайын курсту жана иш-чаралардын комплексин жайылтуу тажрыйбасы изилденгендигинде, көп маданияттты калыптандыруу боюнча эксперименталдык иштерди жүргүзгөндүгүндө, каралып жаткан сапатты ийгиликтүү калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын аныкталышында, моделдин жана методикалык сунуштардын иштелип чыгышында, жогоруда аталгандар колдонууга даяр жана РК жана башка

мамлекеттердин ЖОЖдорунда тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калытандыруу үчүн педагогикалык процессте колдонууга толук мүмкүнчүлүгү бар.

«Көп маданият жана көп тилдүүлүк» атайын курсу жана аталган атайын курс боюнча жазылган окуу-методикалык колдонмо О.А. Байконуров атындагы Жезказган университетинин жана Арал мамлекеттик педагогикалык институтунун билим берүү процессинде жайылтылган.

Коргоого сунушталуучу диссертациянын негизги жоболору:

1. ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун илимий-теориялык негиздерин изилдөө каралып жаткан сапатты калыптандыруунун илимий негизделген педагогикалык шарттарын аныктоого мүмкүндүк берди.

2. ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун иштелип чыккан түзүмдүк-мазмундук моделинин негизинде төмөнкүдөй педагогикалык шарттардын болушу милдеттүү (кененирээк диссертациялык изилдөөнүн экинчи бабынан караңыздар): ЖОЖдун тилдик адистигиндеги студенттердин социомаданий жана көп маданияттуу компетенцияларын калыптандыруу, бул учурда айтылгандардын баарынан тышкары эки же андан көп тилди билүү (билингвизм, полилингвизм) жана окуу дисциплиналарында көп маданияттуу компоненттин болушу; окуу программасына «Көп маданият жана көп тилдүүлүк» атайын курсун киргизүүнүн негизинде студенттерди көп маданиятттуулукка жана көп тилдүүлүккө оң мотивациялоо; мазмунду (окуу планындагы элективдик курстар, жекече окуу планын) уюштурулуп жаткан процесстин усулдарын жана формаларын тандоодо студенттердин катышуусу; тилдик адистикте билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу боюнча максаттуу түрдө системдүү ишмердикке даярдоо боюнча педагогдор менен атайын усулдук иштерди уюштуруу.

3. ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу усулдар менен шарттарлган жана үч баскычтуу (жогорку, орто, төмөн) процессти билдирет, алар: *когнитивдик, мотивациялык, жүрүм-турумдук* критерийлер менен мүнөздөлөт.

4. Биз аныктаган педагогикалык шарттардын эксперименталдык жол менен текшерүүдөн өткөрүлүшү студенттерде көп маданиятттуулукту калыптандырууда жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө өбөлгө түзөт. Изилдөөлөрдүн далилдери жана негиздери методологиялык позициялардын тактыгы, теориялык корутундулардын ички карама-каршылыгынын жоктугу, коюлган максатка жана милдеттерге дал келүүчү усулдардын түрдүүлүгү, эксперименталдык маалыматтардын репрезентативдүүлүгү, сандык жана сапаттык иликтөөнүн айкалышы, изилдөөнүн натыйжаларын практикага жайылтуу менен камсыздалды.

Изденүүчүнүн жеке салымы диссертацияда берилген жана басылып чыккан эмгектеринде жарыяланган илимий натыйжаларды алуусунда,

студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун концептуалдык идеяларын тактоосу жана системдештирүүсү, тажрыйбалык-эксперименталдык иштерди жүргүзүүдө түздөн-түз катышуусу, ишке ашыруусу жана жетекчилик кылуусу жана изилдөөнүн теориялык жана эксперименталдык жыйынтыгын талкууга алуусунда турат.

Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо О.А. Байконуров атындагы Жезказган университетиндеги жана Аркалык мамлекеттик педагогикалык институтунун тил адистиги боюнча билим алган студенттерди окутуу процессин уюштуруунун бардык этаптарында, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасынын жыйындарындагы отчеттордо, ошондой эле республикалык жана эл аралык деңгээлдеги: Бишкек, Жезказган, Аркалык шаарларында болуп өткөн (2015, 2016, 2017, 2018-жж.) эл аралык илимий-практикалык конференцияларда, мектептин жана колледждин мугалимдери үчүн уюштурулган аймактык семинар-тренингдерде (Жезказган ш. 2017, 2018-жж.) ишке ашырылды.

Диссертациянын жыйынтыктарынын толук чагылдырылышы илимий-изилдөөчүлүк журналдарынын беттеринде «Социосфера» журналы (РФ), Paradigms of knowledge (Чехия), Universum: Психология жана билим берүү (РФ), И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысында ж.б.) берилди. Жалпысынан, сандык көрсөткүчү боюнча: 7 макала КР ЖАКтын реестриндеги илимий журналда, 2 макала РФ РИНЦ реестриндеги илимий журналда, 5 макала КР илимий журналдарында жарык көргөн.

Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү коюлган милдеттердин логикасы жана иреттүүлүгү менен аныкталган. Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан, практикалык сунуштардан, 283 булактан турган пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана 7 тиркемеден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 183 бет жана тиркеме 39 бетти түзөт.

ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

«ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун теориялык негиздери» деп аталган биринчи бапта изилдөөнүн биринчи милдетин чечүү каралган, мында ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун теориялык-методологиялык негиздерин алдыңкы билим берүү тенденцияларынын контекстинде аныктоо, тагыраак айтканда, изилденип жаткан маселе боюнча ата мекендик жана чет элдик окумуштуу-изилдөөчүлөрдүн эмгектери изилденди жана анализденди (*теориялык негиздери),* ошондой эле каралып жаткан маселе боюнча мурунку диссертациялык иштерге жасалган методологиялык мамилелер *(методологиялык негиздери)* иликтөөгө алынды.

Көп улуттуу курамдан турган мектептер Э.Г. Гаруновдун эмгектеринде окуу-тарбиялык процесстин өзгөчөлүгү көз карашынан каралган. Интернационалдык тарбия берүүнүн фактору катары тилдерди изилдөө Н.А. Асипованын, М. Бабаджанованын, М.Т. Виноградованын, А.С. Гасымовдун, А.А. Татлыеванын эмгектеринде каралган. Окуучулардын патриоттук жана интернационалдык ишенимдерин калыптандыруу, көп улуттуу жамааттагы гумандуу мамилелер М.С. Исматовдун, М.Э. Жаббаровдун, П.Я. Лиепиндин, Л.В. Радзивилевскаянын, Л.В. Стукачтын, М.А. Терентийдин ж.б. эмгектеринде каралган.

Кыргызстандагы жана Казахстандагы улуттар аралык баарлашуунун маданияты маселеси этнопедагогика (Жарыкбаев К.Б., Кожахметова К.Ж.), этнотүзүм (Наурызбай Ж.Ж.), музыкалык элдик чыгармачылык (Кучикова Г.Б., Узакбаева С.А.), адептик тарбия берүү (Асипова Н.А., Ким В.А. ж.б.), элдик озеки чыгармачылык (Кошербаева А.Н.), улуттук каада-салт, тиричилик, тарых, элдик чыгармачылык (Балтабаев М.Х., Дюсембинова Р.К., Кульманова Ш.Б., Шакирова Т.М.), көп маданияттуу аспектидеги салыштырма педагогика (Панкова Т.В.) ж.б. позицияларынан изилденген.

ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калытандыруу маселеси боюнча педагогикалык изилдөөлөрдүн натыйжаларын иликтөө аларды көп маданияттуу инсандын моделинин маңызынын, түзүлүшүнүн ар кыл аспектилерин аныктоого, ошондой эле алдыңкы тенденциялар контекстинде аталган процессти ишке ашыруу боюнча практикалык ишке ашырууну ачып берүүгө жана жагымдуу педагогикалык шарттарды эске алуу менен пеадгогикалык аспектидеги маани-маңыздуу карым-катыштарды аныктоого мүмкүндүк берди.

Ошентип, изилдөөчүлөрдүн теориялык-методологиялык жоболорун негиздөө менен, *биз төмөнкүдөй корутунду жасадык:* тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу маселеси төмөнкүдөй изилденген: 1) көп маданияттуу билим жана тарбия; 2) мультимаданий билим жана тарбия; 3) маданияттар диалогунун мектеби, билим берүүдөгү плюрализм; көп маданияттуу билим берүү; 4) маданияттар аралык билим берүү; 5) кросс-маданий билим жана тарбия; 6) интернационалдык тарбия; 7) мультиперспективалуу билим берүү; 8) маданияттар аралык баарлашуу алкагында ж.б.

Бул бизге өзүнө активдүү жашоо позициясы, өнүккөн эмпатиялык жана толеранттуулук сезимдер, эмоционалдык туруктуулук, ар кандай маданий топтун өкүлдөрү менен тынчтыкта жашаганды билүү, коомдогу маданий көп түрдүүлүк шартында өзүн өзү ийгиликтүү аныктоо жана продуктивдүү кесиптик ишмердикке жөндөмдүүлүк, ошондой эле ар кыл улуттун, расалардын, дин ишениминин, социалдык топтордун өкүлдөрү менен позитивдүү кызматташууга карата оң мотивация сыяктуу сапаттарды камтыган инсандын интегративдик мүнөздөмөсү катары *көп маданияттуу инсан* аныктамасын сунуштоого мүмкүндүк берди.

Биз ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калытандыруу маселесин изилдеп жатабыз. Тилдик адистиктер катары тил жана адабият мугалимдерин, филологдорду (орус, казах, англис, кыргыз, уйгур, өзбек, татар ж.б. тидер) даярдоочу бардык филологиялык адистиктерди айтып жатабыз.

Тил адистигинин студенттери ЖОЖдун башка адистигинде билим алган студенттерден даярдоо өзгөчөлүгү, билим берүү программаларынын мазмуну, жанакалыптануучу компетенциялары менен айырмаланып турат. Жогоруда айтылгандай, тигил же бул тилди ал элдин маданиятын, өзгөчөлүктөрүн билбей туруп үйрөнүүгө мүмкүн эмес, андыктан ЖОЖдун тил адистигинин студенттери тилдердин, маданияттардын билимине ээ болуу менен социолингвистикалык жана социомаданий компетенцияларга, ошондой эле көп маданияттуу компетенцияларга ээ болгон билингв жана полилингв (полиглот) боло алышат.

«Студенттердеги көп маданияттуу инсанды изилдөөнүн материалдары жана усулдары» аталыштагы экинчи бапта биздин изилдөөбүздүн объектиси жана предмети аныкталды. Биздин *изилдөөбүздүн объектиси* – тилдик адистиктер боюнча педагогдорду даярдоону ишке ашыруучу жогорку кесиптик билим берүү мекемелериндеги бүтүндөй педагогикалык процесс эсептелет. Маданияттар ортосундагы баарлашуу жаатындагы педагогикалык тажрыйбаны жалпылоо, илимий адабиятты иликтөө көп маданияттуу коомдо көп маданияттуу инсанды калыптандыруу маселесин актуалдаштырууга мүмкүндүк берди.

Изилдөөнүн предмети катары ЖОЖдун тил адистиктеринин студенттеринде көп маданияттуу инсанды калыптандыруучу педагогикалык шарттар каралды. Студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу маселеси боюнча адабияттын теориялык анализи ЖОЖдогу тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калытандыруунун педагогикалык шарттарын терең аңдоонун негизинде изилдөө зарылдыгын көрсөттү. Аталган маселе боюнча педагогикалык тажрыйбаны жалпылоо ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу көйгөйлөрүн аныктоого жана каралып жаткан интегративдик сапатты калыптандыруунун педагогикалык шарттарын ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берди.

Биз болочок тил боюнча педагогдорду жана адистерди тандап алдык, анткени, ар кыл деңгээлдеги – мектепке чейинки, мектептеги жана мектептен кийинки педагогдор гана өсүп келе жаткан муунга тарбия жана билим берүү процессине тартылган. Тилдик дисциплиналардын окутуучуларынын кесиптик ишмердигинин өзгөчөлүгү – алар тил аркылуу (казак, кыргыз, орус, өзбек, англис, немис ж.б.) тигил же бул элдин маданияты, каада-салты, адабияты менен окуучуларды таанышгандыгында.

Изилдөөлөрдө биз көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун адабий булактардын анализи, педагогикалык байкоо жүргүзүү, аңгемелешүү,

интервью, анкеталоо, эсептик-математикалык усулдар жана педагогикалык эксперимент сыяктуу усулдарды колдондук.

Адабият менен иштөө абдан маанилүү, анткени, изилдөөнү туура жана продуктивдүү жүргүзүү жарыяланган илимий иштерди (изилденип жаткан көйгөйдүн, маселелердин анализи) изилдөө зарылдыгын алып келет. Бул, биринчи кезекте, изилдөөнүн натыйжалары берилген монографиялар, макалалар, белгилүү маселелер боюнча көз караштар, илимий жйнактар, диссертациялар, автореферeаттар. Изилдөөнүн биринчи бабында булактардын кыскача анализи берилди.

Байкоо жүргүзүү бюнча айта турган болсок, биз табигый (жүргүзүүнүн шарты боюнча), камтылган (катышуусу боюнча), түздөн-түз, түз (маалымат алуунун булагы боюнча), ачык байкоо (байкоочулардын жүргүзгөн эксперимент тууралуу маалымдуулугу боюнча), байкоочулардын саны боюнча текши – толук камтуу жана узакка созулган байкоо жүргүзүү (жүргүзүүнүн узактыгы боюнча), үзгүлтүксүз, системдүү (маалыматты алуунун маалы боюнча), топтук жана жеке (байкоону уюштуруунун объектилери жана формалары боюнча) байкоолорду пайдаландык.

Ошондой эле биз аңгемелешүүнү – алдын ала даярдалып иштели чыккан программа боюнча, жооптор жазылбаган эркин формадагы сурамжылоону колдондук. Жеке жана топтук мүнөздөгү аңгемелешүүлөр, экспромт, кыска, кеңири ж.б. аңгемелешүүлөр. Биз ошондой эле пикирлердин интервьюсун, стандарттык эмес интервьюну да колдондук, мында жооптордун варианттары берилбейт жана аңгемелешүүнүн бир түрү катары жоопторун тандоого боло турган стандарттык интервьюну да пайдаландык. Материалды массалык топтоонун усулу катары анкента жүргүзүү кеңири колдонулду.

Эксперименттин жардамы менен биз педагогикалык эффективдүүлүктү аныктоо үчүн тигил же бул усулду, ыкманы системдүү текшерүүнү уюштурдук. Анализ-синтез, индукция-дедукция сыяктуу илимий таанып билүүнүн логикалык усулдарынын негизинде биз объектини жана анын сапаттарын, касиеттерин аларды изилдеп жатканда ой жүгүртүү аркылуу барчалап, кайра ой жүгүртүүнүн негизинде бириктирип, илик жүргүзүүнүн объектилерин коштук, муну менен биз айрымдан жалпыга (индукция), же анын тескерисинче (дедукция) аракеттендик. Мунун баары көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун эффективдүүлүгүн изилдөөдө жардам берди.

Биз, ошондой эле, топтордун ичиндеги изилдөөлөрдү – социометрияны колдондук. Белгилүү болгондой, Дж. Морено тарабынан иштелип чыккан социометрикалык техника инсандар ортосундагы топтор ортосундагы мамилелерди өзгөртүү, жакшыртуу жана өнүктүрүү максатында диагностикалоо үчүн колдонулат. Социометриянын жардамы менен топтук ишмердүүлүк шартында адамдардын социалдык жүрүм-турумунун типологиясы, ошондой эле конкреттүү топтордун мүчөлөрүнүн социалдык-

психологиялык жактан дал келүүсү изилденди. Социометриянын суроолору интервью формасында, ошондой эле чакан анкета түрүндө берилди.

Экспериментти жүргүзүү этаптары:

Изилдөө иштери 2015-жылы башталып, 2018-жылы аяктаган. Иш үч этаптан турду:

Биринчи этапта (2015-2016-жж.) илимий адабияттын (философиялык-психологиялык, педагогикалык) жана изилденип жаткан маселе боюнча диссертациялардын анализи жүргүзүлдү. Изилдөөнүн максаты жана милдеттери иштелип чыгып, коргоого алып чыгуучу негизги жоболор негизделди. Изилденүүчү көйгөйдүн маңызы, мазмуну, карама-каршылыктары аныкталды.

Экинчи этапта (2016-2017-жж.) констатациялык педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү. Констатациялык педагогикалык эксперименттен алынган жыйынтыктардын негизинде ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун модели иштелип чыгып, О.А. Байконуров атындагы Жезказган университетинде жана Аркалык мамлекеттик педагогикалык институтунун базасында апробацияланды.

Үчүнчү этапта (2017-2018-жж.) калыптандыруучу педагогикалык эксперимент жүргүзүлдү. «Көп маданият жана көп тилдүүлүк» атайын курсу иштелип чыгып, апробациядан өттү. Аталган этаптын максаты – чыгарылган корутундуларды текшерүү, алынган натыйжаларды жалпылоо эле. Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча парктикалык сунуштар киргизилди.

Экинчи бапта биз ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун биз аныктаган педагогикалык шарттары жана ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун түзүм-мазмундук модели каралды, ошондой эле ЖОЖдун шартында тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун критерийлерин, көрсөткүчтөрүн жана деңгээлдерин аныктоонун милдеттери чечилди.

ЖОЖдогу билим берүү процессинде студенттердин жалпы маданий компетенттүүлүктөрүн натыйжалуу калыптандырууга төмөнкү *педагогикалык шарттар* өбөлгө түзөт:

1. *Тил адистигиндеги ЖОЖдун студенттеринин социомаданий жана көп маданияттуу компетенцияларын калыптандыруу, ал эки жана андан ашык тил билүүсүн (билингвизм, полилингвизм), окуу дисциплиналарында көп маданияттуу компоненттин болушун талап кылат:* жеке-багыттоочу билим берүү программаны ишке ашыруу аркылуу студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун педагогикалык коштоосу; маданият фономени, дүйнөнүн маданий көп түрдүүлүгү, ааламдашуунун заманбап тенденциялары, ошондой эле маданияттар ортосундагы карым-катышуунун принциптери, ыкмалары, жолдору тууралуу билүү.

2. *Окуу программасына «Көп маданият жана көп тилдүүлүк» атайын курсун киргизүүнүн негизинде студенттерди көп маданиятттуулукка жана көп тилдүүлүккө оң мотивациялоо:* студенттердин көп маданияттуу инсанга айлануусунда анын муктаждыктарын, кызыкчылыктарын калыптандыруу; студенттерде эмпатияга жана толеранттуулукка болгон жөндөмдүүлүктөрүн калыптандыруу.

3. *Студенттин уюштурулуучу процесстин мазмунун (окуу пландарындагы элективдик курстар, студенттердин жекече окуу пландарын түзүү (ЖОП)) усулдарын жана формаларын тандоого катышуусу:* сабактардын жеке жана топтук формаларын өткөрүү (аңгемелешүү, «кереге отурум», тематикалык кечелер, акциялар, диспуттар, дебаттар, моралдык диллемалар); сабактын оюн мүнөз күтүүсү (ролдук оюндар, психодрама, тренинг); социомаданий мамиленин жана кесиптик багытталуу принцибинин негизинде чет тилинде окуу материалынын мазмунун түзүмдөштүрүү жана тематикасын тандоо; студенттерде көп маданияттуу баалуулуктарды жана кагылышууларга туруктуу жүрүм-турумду калыптандырууга жеке багытталуусу.

4. *Студенттерде изилденип жаткан сапаттын калыптануусун аныктоо үчүн көп маданиятттуулуктун түзүмдүк-мазмундук мүнөздөмөсүнө туура келүүчү диагностикалык усулдардын комплексин пайдалануу:* студенттерде толерантуулуктун, эмпатиянын жана кагылышууларга туруктуулугунун деңгээлин аныктоочу диагностика.

5. *Көп маданияттуу инсанды калыптандырууда студенттер менен максаттуу, системдүү ишмердүүлүк жүргүзүүсүнө даярдоо боюнча педагогдор менен атайын методикалык иштерди уюштуруу:* окуу-тарбиялык сабактардын креативдүү мүнөзү (моделдөө, долбоорлоо, презентациялоо, импровизациялык жана көркөм формалар); окууда жана сабактан тышкаркы ишмердикте студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун усулдарын натыйжалуу пайдалануу; чет тилдерин окутуу процессинде интерактивдүү формаларды жана усулдарды (дискуссиялар, ролдук оюндар, драмалаштыруу, презентациялоо, интернет-коммуникация, долбоорлук технологиялар) пайдалануу.

Биз студенттердин *көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун үч компонентин* көрдүк*:*

Мазмундук – студенттерге терең билим берүү жана көп маданиятттуулук феноменинин түшүндүрүү үчүн социомаданий мамиленин жана кесиптик багытталуунун принциптеринин негизинде чет тилинде окуу материалынын мазмунун түзүмдөөгө жана тематиканы тандоого, жеке-багыттуу билим берүү программаларын ишке ашырууга студенттердин катышуусу.

Мотивациялык компонент – окуу-тарбиялык сабактардын (моделдөө, долбоорлоо, резентациялоо, импровизациялык жана көркөм формалар)

креативдик мүнөзүнүн жардамы менен таанып билүүгө карата студенттердин мотивациясын, кызыгуусун жана каалоосун калыптандыруу.

Жүрүм-турумдук компонент – ар кыл маданияттын өкүлдөрү менен баарлашуу жөндөмүн, кагылышууларга туруктуу, толеранттуу жүрүм-турумун калыптандыруу үчүн тилдерге үйрөтүү процессинде интерактивдүү формаларды жана усулдарды пайдалануу (дискуссиялар, ролдук оюндар, драмалаштыруу, презентациялар, интернет-коммуникация, долбоорлук технологиялар).

Көп маданиятттуулук жана инсандын көп маданиятттуулугу түшүнүктөрүнө, анын компоненттерине жана мазмундук мүнөздөмөсүнө таянуу менен, студенттердеги аталган сапаттарды калыптануу деңгээлин аныктоодо биз көрсөткүчтөрдүн негизги критерийлерин аныктадык: маданияттын, көп маданиятттуулуктун жана көп тилдүүлүктүн (*мазмундук компоненттин когнитивдик критерийи*) таяныч билимдерин өздөштүрүү тереңдигин; демилгени, кызыкчылыкты жана каалоону, ошондой эле баарлашуунун жана жүрүм-турумдун мотивдеринин мазмунун, алардын өздөштүрүлгөн билимдерге дал келүүсүнүн деңгээлин; башка улуттагы адамдарга, алардын тилине, маданиятына, эки тилдүүлүккө жана көп тилдүүлүккө карата инсандын мамилесинин мүнөзүн *(мотивациялык критерийи);* өздөштүрүлгөн билимдерге *(жүрүм-турумдук критерий)* ылайык баарлашуунун жана жүрүм-турумдун ыкмаларына ээ болуусун аныктадык.

Биздин изилдөөлөрүбүздүн контекстинде тил адистигинде билим алган болочок педагогдо көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун үч деңгээлин бөлүп кароону туура таптык, алар: жогорку, орто, төмөнкү деңгээлдер.

Бардык маалыматтарды иликтеп, жалпылап, биз ЖОЖдогу студенттерде көп маданияттуу инсандын интеграцияланган сапатынын калыптануусунун моделин иштеп чыктык.



1-сүрөт. ЖОЖдогу тил адистигинде билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун модели.

Көп маданияттуу инсандын сүрөттөлгөн түзүмдүк-мазмундук мүнөздөмөсү аталган сапаттын калыптануусунун критерийлеринин көрсөткүчтөрүн аныктоо үчүн негиз болуп берди (2-таблица).

Таблица 1. – Көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун критериалдык аппараты

№ N/n	Критерийлер	Көрсөткүчтөр	Деңгээлдери		
			Төмөнкү	Ортоңку	Жогорку
1	2	3	4	5	6
1	**Когнитивдик**	1. Тилдер, эки тилдүүлүк жана көп тилдүүлүк тууралуу билимдердин көлөмү. 2. Көп тилдүү жана көп маданиятттык баарлашуу жөндөмүнө ээ болуу зарылдыгына ишенүү; 3. Көп маданиятттуулуктун компоненттери тууралуу билимдердин кеңдигин түшүнүү. 4. Студенттердин баалуулук багытталуусунун калыптануусу. 5. Маданият феномени, дүйнө жүзүндөгү маданий көп түрдүүлүк, ааламдашуунун заманбап тенденциялары, ошондой эле маданияттар аралык карым-катышуунун жана кагылышууларды болтурбоонун принциптери жана ыкмалары тууралуу билимдер	+ - - - -	+ - - + +	+ + + + +
2	**Мотивациялык**	1. Ар кандай улуттун өкүлдөрү менен эки жана андан көп тилде баарлашууга, алардын улуттук өзгөчөлүктөрүн, уникалдуулугун жана башка элдердин каада-салтынын, ырым-жырымдарынын өз алдынчалыгын таанууга аракеттенүүсү; 2. Эмпатия жана толеранттуулук. 3. Жалпы маданий баалуулуктарга, каада-салттарга, тилдерге, алардын түрдүүлүгүнө карата жеке-позитивдүү мамиле; 4. Жаңы баалуулуктарды калыптандырууда жигердүүлүктү көрсөтүү. 5. Аларды кабылдоого даярдыгы.	- - - - -	+ - + + -	+ + + + +
3	**Жүрүм-турумдук**	1. Өзүнүн жана башка элдердин салттарына сый-урмат менен мамиле жасоо. 2. Күнүмдүк турмушта аларды аткаруу 3. Башка тилдерге жана маданиятка карата толеранттуулук; 4. Кагылышууларга туруктуулук; 5. Башка элдердин, өлкөлөрдүн маданиятына жана тилдерине сый-урмат мамиле жасоо	- - - - -	+ - + - +	+ + + + +

Түзүм-мазмундук модель, деңгээлдер, критериалдык аппарат студенттерде аталган сапаттын калыптануу деңгээлин; көп маданияттуу инсанды калыптандыруу боюнча мазмунду, форманы жана усулдарды аныктоо; көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун шарттарын ачып берүү үчүн кызмат кылат.

Көп маданияттуу инсандын маңызы маселеси боюнча теориялык изилдөөлөр эксперименталдык иштерди жүргүзүү үчүн мазмунду, формаларды жана усулдарды оңдоого мүмкүнчүлүк берет.

«ЖОЖдо тил адистигинде билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун педагогикалык шарттарынын эффективдүүлүгүн аныктоо боюнча жүргүзүлгөн эксперименталдык иштердин жыйынтыгы» деп аталган үчүнчү бапта изилдөөнүн үчүнчү милдети ачылып берилген, ал сунушталган моделдин жана педагогикалык шарттардын эффективдүүлүгүн эксперименталдык жактан текшерүүгө багытталган.

Эксперименталдык иштер жогорку окуу жайларынын билим берүү процессиндеги табигый шартында жүргүзүлдү, алар: О.А. Байконуров атындагы Жезказган университети, И. Алтынсарин атындагы Аркалык мамлекеттик педагогикалык институту (Казахстан). Эксперименткe жалпы жонунан педагогикалык багыттагы тилдик адистикте билим алган 171 студент катышты. Алардын ичинен 46 студент (ТТ) жана 42 студент (ЭТ) АркМПИден, ЖезУда – 21 студенттен турган эки текшерүүчү топ жана эксперименталдык топтор: ЭТ1 – 20 студент жана ЭТ2 – 21 студент. Изилдөөнүн эксперименталдык иштерин жүргүзүү эки этапта жүргүзүлдү – констатациялык жана калыптандыруучу, алардын ар бири белгилүү милдеттерди чечүүгө багытталган.

Изилдөөнүн эксперименталдык бөлүгүндө далилдүү натыйжаларды алуу ыктымалдыгы түздөн-түз баштапкы маалыматтарга көз каранды болгондуктан, 2016-жылдын май айында өткөрүлгөн эксперименттин констатациялык этабына көбүрөөк көңүл бөлүндү.

Эксперименталдык иштин аталган этабындагы максат ЖОЖдун тилдик адистигинде билим алган студенттердин көп маданиятттуулугу нун деңгээли тууралуу баштапкы маалыматты алуу эле. Эксперименттин констатациялык этабы төмөнкүдөй маселелерди чечүүгө багытталган:

1. ЖОЖдун тилдик адистигинде билим алган студенттердин көп маданиятттуулук маселелеринин абалын изилдөө.
2. ЖОЖдогу тилдик адистикте билим алган студенттердин көп маданиятттуу калыптануусунун деңгээлин аныктоо;
3. ЖОЖдогу тилдик адистикте билим алган студенттердин көп маданиятттуулугу нун деңгэлдерине объективдүү баа берүүгө мүмкүндүк берүүчү диагностика усулдарын аныктоо.

Көп маданиятттуулукту аныктоо үчүн анкета жүргүзүү жана сурамжылоо менен катар эле билим берүү процессинде жана сабактан

тышкаркы убактагы иш-чараларда студенттерге байкоо жүргүзүү, аталган маселе боюнча алардын иш-чараларга катышуусун баалоо программасы пайдаланылды.

Байкоо жүргүзүү программасына төмөнкү суроолор камтылган: студенттердин башка улуттагы курдаштары менен баарлашууда тилдерди, эки тилдүүлүктү, көп тилдүүлүктү үйрөнүүсү жана пайдалануусу; өзүнүн тайпасында, кафедрада, институтта, ЖОЖдо улуттук майрамдарды майрамдоого даярдык көрүү жана аны өткөрүүгө карата мамиле; өз элинин жана коңшулаш, Республикада, жакынкы жана алыскы чет өлкөдө жашаган башка элдердин адабиятын, географиясын, искусствосун, тарыхын, элдик каада-салтын жана ырым-жырымдарын, улуттук символикаларын үйрөнүүгө карата мамилелер.

Жүрүм-турумдук критерийлердин көрсөткүчтөрүн аныктоого педагогикалык кырдаалдар жардам берди. Кагылышууларды иликтөөдө жана аларды чечүүдө изилденип, андан соң баарлашуу этикасынын негизги эрежелерин сактоо, башка улуттун өкүлдөрүнүн улуттук сезимдерин сыйлоо, өз элинин жана башка элдердин улуттук салтарын жана ырым-жырымдарын түшүнүү жана баалоо, тарыхый окуяларды иликтөө (теледен жаңылыктарды көргөндөн кийин, гезит макалаларын окугандан кийин), өз пикирин билдирүү, эстетикалык мүнөздөгү ишмердикте активдүү катышуу ж.б. жөндөмү тарбияланды.

Биз изилдөөнүн ар кыл усулдарын пайдаландык: байкоо жүргүзүү, интервью, анкета жүргүзүү, аңгемелешүү ж.б.

Суроолор да берилди: Маданияттуу жана маданиятсыз элдер болот деген пикир туурабы же жаңылыштыкпы? Тигил же бул элдерге кандай мүнөздүү белгилер тиешелүү? Элдер тууралуу пикирди стереотиптер боюнча негиздөө туурабы? Жана башка суроолор да болду.

Студенттердин айткандары алардын жазуу иштери, эссе, анкеталар, күнүмдүк турмуштагы жүрүм-туруму, алардын курсташтарынын берген баасы менен да салыштырылды, муну менен мотивациялык жана процессуалдык критерийлер боюнча «кесилиштер» жүргүзүлдү.

Көп маданиятттуулукту диагностикалык изилдөөдө биз жүрүм-турумдук критерийди аныктоодо ранжирлөө усулун да пайдаландык: студенттерге төмөндө көрсөтүлгөн сапаттардан алар ар кыл улуттагы адамдар менен баарлашууда зарыл деп эсептеген 5ти тандоо, ошондой эле аларды мааниси төмөндөшүнө карата жайгаштыруу сунушталды: 1. Баарлаша билүү/коммуникативдүүлүк. 2. Гуманизм. 3. Башкалардын убактысын, баалуулуктарын баалай билүү. 4. Сылыктык. 5. Акыйкаттык. 6. Ар намыстуулук. 7.Чын пейилдик. 8. Сыпайчылык. 9. Кеп маданияты. 10. Принципиалдуулук. 11. Боорукердик. 12. Чынчылдык. 13. Интеллигенттүүлүк. 14. Ачык-айрымдуулук. 15. Кадыр-барктуулук. 16. Толеранттуулук. 17. Тең салмактуулук. 18. Тарбиялуулук. 19. Маданияттуулук. 20. Жеке кызыкчылыкты көздөбөө. 21. Табигыйлык;

(жасалмалуулуктан, табигыйсыздыктан, ойнолгондон айырмаланып). 22. Камкордуулук. 23. Асылдуулук. 24. Жакшы кошуналык. 25. Элпектүүдүк. 26. Марттык. 27. Көп тилдерге ээ болуу. 28. Сынчыл ой жүгүртүү, иликтөө жөндөмү.

Биз «Көп маданиятттуулук жана полилнгвизм» атайын курсун иштеп чыгып, окуу процессинде жайылттык (Multicultural foundation & Cross-cultural communication), мында тилдерге үйрөтүү аркылуу студенттерге башка элдердин тилдерине, маданиятына карата сый-урмат мамиле жасоону үйрөтөт. Материал дүйнөлүк маданияттын, искусствонун, адабияттын, каада-салттын жетишкендиктерин изилдөө эсеби менен тандалып алынган.

Атайын курстун максаты: ЖОЖдогу тилдик адистиктеги студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу.

Милдеттери: студенттерди биздин маданиятка, дүйнөлүк маданиятка, тилдерге, адабиятка, каада-салтка, тарыхка аралаштыруу, бул көп маданиятттуулукту, маданияттар аралык коммуникацияны, теңдик сезимди жана толеранттуулукту калыптандырууга, ар кыл улуттун өкүлдөрү үчүн маданият диалогун түзүүнү камсыздоого; башка маданияттарга сый мамиле жасоого, толеранттуулук сезимине, маданияттар аралык баарларшууга өбөлгө түзүшү керек.

Ар кандай маданият өкүлдөрүнө канткенде түшүнүктүү болот? Алар менен жалпы тилди кантип таап, кагылышууларга жол бербей, маданият диалогун жүргүзүп, кызматташууга барууга болот? Мына ушулар аталган атайын курста окутулат. Темалардын кеңири сүрөттөлүшү диссертацияда берилген.

Окуу элективдик курсу студенттерге көп маданиятттуулук жана маданиттар аралык баарлашуу; сынчыл иликтөө жүргүзүү; өз көз карашын аргументтүү жактай билүү, ишеним аңгемелешүүлөрүн жүргүзүү көндүмдөрүнө ээ болуусуна мүмкүндүк берет.

Натыйжада, студенттер төмөнкүлөрдү билет:

Дүйнөлүк маданият жана улуттук маданият, маданият тууралуу диалог жөнүндө; маданияттар аралык баарлашуунун өзгөчөлүктөрү, көп маданиятттуулук жана көп тилдүүлүк тууралуу *түшүнүккө ээ болот*.

Маданияттардын диалогунда, маданияттар аралык коммуникацияда, педагогдун ролун, маданияттардын ийгиликтүү диалогунун эрежелерин; баарлашуудагы тоскоолдуктарды, боло турган кагылышууларды жеңүүнү, аларга жол бербөөнү, дүйнөлүк маданиятта этномаданияттын ордун жана маанисин *билет жана түшүнөт.*

Башкалардын жүрүм-турумун иликтегенди, байланыш түзүү, маданият диалогун куруу үчүн өзүнүн жүрүм-турумун туура келтирүүнү; көп маданияттуу аудитория менен байланыш түзүүнү, аңгеме курууну, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүнү жана баарлашуудагы тоскоолдуктарды жеңүүнү *билет.*

Калытандыруучу этаптын максаты – иштелип чыккан методиканын жана көп маданиятттуулуктун моделинин эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу текшерүү.

Эксперименттин калыптандыруучу этабындагы милдеттер төмөнкүлөр:

1. Окуу процессинде жана сабактан тышкаркы ишмердикте тил адистигинде билим алган студенттерде көп маданиятттуулукту калытандыруу.

2. Тил адистигинде билим алган студенттерде көп маданиятттуулуктун калыптануу динамикасын көзөмөлгө алуу.

3. Окуу процессинде жана сабактан тышкаркы ишмердикте ЖОЖдун тил адистигинде билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун методикасынын эффективдүүлүгүн аныктоо.

Эксперименталдык иштин жыйынтыгында биз көп маданиятттуулуктун калыптануу динамикасын көрүүгө мүмкүндүк берүүчү төмөнкүдөй жалпыланган маалыматтарды алдык. Аларды таблица түрүндө келтиребиз.

Таблица 2. – Эксперименттен кийин студенттердин көп маданиятттуулугу нун калыптануу деңгээлдери (%).

Деңгээлдер	ЖезУ				ЖезУ			
	ЭТ 1.1 чейин	ЭТ 1.1. кийин	ТТ 1.1 чейин	ТТ 1.1. кийин	ЭТ 1.2 чейин	ЭТ 1.2 кийин	ТТ 1.2. чейин	ТТ 1.2 кийин
Жогору орто төмөн	29% 31,2 39,8	47,6 43,7 8,7	21,4 39,1 39,5	34,4 44% 21,6	24,2 28% 47,8	34,4 38,5 27,1	24,1 23,4 52,5	25,4 40,5 34,1
Деңгээлдер	АркМПИ							
	ЭТ 2 чейин	ЭТ 2 кийин	ТТ2 чейин	ТТ2 кийин				
Жогору орто төмөн	30,3 32,7 37	49,1 36,3 14,6	26,4 29,8 43,8	26,6 43,6 30				



Сүрөт. 2. Экспериментке чейин жана эксперименттен кийин көп маданиятттуулуктун деңгээлдери % менен.

Жогорку деңгээлдин пайыздык көрчөткүчү өстү: 29дан 47,6%га чейин, б.а. 18,6%га; 32,3төн 52,2%га, б.а. 19,9%га; төмөнкү деңгээлдин көрсөткүчү азайды: 39,8дан 8,7%га, б.а. 31,1%га; 33%дан 10%га, б.а. 23%га ж.б.

Көп маданиятттуулукту калыптандыруунун оң натыйжалары атайын жүргүзүлгөн текшерүүчү эксперименттин маалыматтары менен гана далилденбестен, педагогдор, ЖОЖдун администрациясы тарабынан кеңештерде, кафедранын жыйындарында белгиленип турду. Педагогдор эксперименталдык топтогу студенттердин окууга, гуманитардык циклдеги предметтерге, тилдерди үйрөнүүгө, дисциплинаны жакшыртууга кызыгуусу артылып, жалпы эле жетишкендиктердин жогорулагандыгын белгилешти. Мунун баары биз изилдөөлөрүбүздө түзгөн педагогикалык шарттардын ишке ашырылышына байланыштуу.

КОРУТУНДУ

1. Студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу маселесине арналган эмгектери иликтөөгө алуу менен ар кайсы мезгилде окумуштуулар тарабынан өсүп келе жаткан муундун көп маданияттуу тарбиясын калыптандыруунун ар кыл аспектилери каралып келгендигин көрсөттү. ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим берүүнүн мазмунун өнүктүрүп, окуу пландарын жана программаларды жакшыртып, коомдун жана анын билим берүүчү максаттарына туура келүүчү жаңы окуу китептерди, окуу колдонмолорду жазуу керек. Бул үчүн чет тилдерин окутуу процессинде буга чейинки окутуунун тажрыйбасын терең аңдоо менен, инновациялык технологияларды жайылтып, окутууда салттуу жана жаңы каражаттарын чыгармачылык менен пайдалануунун ыкмаларын жана формаларын өнүктүрүү зарыл. Ааламдашуу процесстерине байланышкан заманбап коомдо болуп жаткан өзгөрүүлөр, айрым коомчулуктардын ачык байкалган улуттук идентүүлүгүнүн фонундагы интеграциялар, ошондой эле идеологиялык, руханий-адептик баалуулуктарды кайрадан карап чыгуу ЖОЖдо тил адистигинде билим алып жаткан студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун илимий негизделген педагогикалык шарттарын аныктоону талап кылат.

2. Тилдик ЖОЖдордун студенттеринде көп маданиятттуулукту натыйжалуу калыптандыруу үчүн төмөнкүдөй педагогикалык шарттардын болуусу зарыл: ЖОЖдогу тил адистигинде билим алган студенттерде алган билимдеринен тышкары эки же андан көп тил билүүсүн (билингвизм, полилингвизм) жана окуу дисциплиналарында көп маданияттуу компоненттин болушун талап кылган социомаданий жана көп маданияттуу компетенцияларды калыптандыруу; окуу программасына «Көп маданиятттуулук жана көп тилдүүлүк» атайын курсун киргизүүнүн негизинде студенттерди көп маданиятттуулукка жана көп тилдүүлүккө оң

жагынан мотивациялоо; студенттердин мазмунду (окуу планындагы элективдик курстар, студенттердин жекече окуу планын түзүү), уюштурулуп жаткан процесстин усулдарын жана формаларын тандоого катышуусу; студенттерде изилденип жаткан сапаттын калыптануусун аныктоо үчүн көп маданиятттуулуктун түзүм-мазмундук мүнөздөмөсүнө туура келүүчү диагностикалык усулдардын комплексин пайдалануу; көп маданияттуу инсанды калыптандыруу боюнча студенттер менен максат багыттуу системдүү ишмердикти жүргүзүүгө педагогдорду даярдоо үчүн атайын методикалык иштерди уюштуруу.

Биз ЖОЖдо көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун түзүм-мазмундук моделин иштеп чыктык, ал максаттан жана төмөнкү компоненттерден: *мотивациялык* (көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун мотивациясына билим берүү чөйрөсүнүн таасир берүү мүмкүнчүлүгү); *мазмундук* (көп маданияттуу инсанды калыптандыруу үчүн педагогикалык шарттарды, анын ичинде мазмунду түзүү); *жүрүм-турумдук* (кагылышууларга туруктуулук менен мүнөздөлүүчү көп маданияттуу чөйрөдө аң-сезимдүү жүрүм-турумду уюштуруу) жана жыйынтыктардан турат.

3. ЖОЖдун тил адистигинде билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу усулдар менен шартталган жана төмөнкүдөй *критерий көрсөткүчтөр* менен мүнөздөлөт: *когнитивдик* – көп маданиятттуулуктун компоненттери тууралуу билимдердин кеңдигин түшүнүү студенттердин баалуулук багытталуусунун калыптангандыгы, маданият феномени, дүйнөдөгү маданияттын көп түрдүүлүгү, ааламдашуунун заманбап тенденциялары, ошондой эле маданияттар аралык карым-катышуунун принциптери, ыкмалары, жолдору жана ар түрдүү маданияттар менен шартталган кагылышууларга жол бербөө тууралуу билим; *мотивациялык* эмпатия жана толеранттулукка карата жөндөмдүүлүк сыяктуу жеке мүнөздөмөлөрдү, жалпы маданий баалуулуктарга, каада-салттарга, тилдерге, алардын ар түрдүүлүгүнө, жаңы баалуулуктарды калыптандырууга жана аларды кабылдоого жөндөмдүүлүгүн камтыйт; *жүрүм-турумдук* – өз элинин жана башка элдердин салттарына сый-урмат менен мамиле жасоо, аларды күнүмдүк турмушта колдонуу, башкаларга карата толерантуулукту көрсөтүү кагылышууларга туруктуулугу менен мүнөздөлөт. Маңыздуу мүнөздөмөлөрдү, критерийлер жана көрсөткүчтөр системасын чагылдыруучу иштелип чыккан түзүм-мазмундук модель көп маданияттуу инсандын калыптануусунун ар кыл деңгээлдерин диагностикалоого мүмкүндүк берди. ЖОЖдогу тил адистигинде билим алган студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруу үч баскычтуу процессти билдирет (жогорку, орто, төмөнкү).

4. Сунушталган моделдин жана тил адистигиндеги студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандыруунун шарттарынын натыйжалуулугун эксперимент аркылуу текшерүү студенттердин көп маданиятттуулугу н

калыптандырууда жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзүүгө өбөлгө түздү. Көп маданиятттуулуктун деңгээлинин жогорку деңгээлдин пайыздык көрчөткүчү өстү: 29дан 47,6%га чейин, б.а. 18,6%га; 32,3төн 52,2%га, б.а. 19,9%га; төмөнкү деңгээлдин көрсөткүчү азайды: 39,8дан 8,7%га, б.а. 31,1%га; 33%дан 10%га, б.а. 23%га ж.б. Эмпатиянын калыптануу динамикасын иликтөөгө алууда биз позитивдүү өзгөрүүлөрдү байкадык: аталган этапта респонденттердин 78%ы жогорку деңгээлге, 14% - орто, 8% - эмпатиянын төмөнкү деңгээлине ээ. Көп маданиятттуулукту калыптандырууда оң натыйжалар биздин иште түзүлгөн педагогикалык шарттарды ишке ашырууда далилденди. Тематиканы туура тандоо социомаданий мамиленин жана кесиптик багытталуу принциптеринин негизинде чет тилиндеги окуу материалынын мазмунун түзүмдөө зарылдыгы аныкталды; чет тилин окутуу процессинде интерактивдүү формаларды жана усулдарды (дискуссиялар, ролдук оюндар, драмалаштыруу, презентациялар, интернет-коммуникациялар, долбоордук технологиялар) колдонуу; билим берүү процессинин субъектилеринин карым-катышуусун гумандаштыруу: окутуучу менен студенттердин карым-катышуусун диалогдук негизде, кызматташуу жана чыгармачылык менен иштешүү алкагында, иштелип чыккан «Көп маданиятттуулук жана көп тилдүүлүк» атайын курсу тилдик ЖОЖдордо студенттерде көп маданияттуу инсанды калыптандырууга өбөлгө түзөт.

ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

– ЖОЖдо тил адистигиндеги окутуу процессинде биз иштеп чыккан «Көп маданиятттуулук жана көп тилдүүлүк» атайын курсун жана аталган атайын курс боюнча окуу колдонмосун пайдалануу керек;

– эки тилдүүлүк, көп тилдүүлүк каражаттары менен көп маданиятттуулукту калытандырууну этаптуу жүзөгө ашыруу абзел;

– диспицлиналар аралык, өзгөчө, тилдер, адабият, тарых, география, музыка, искусство дисциплиналарынын ортосундагы байланыштын негизинде предметтик педагогдор макулдашып иш алып баруусу зарыл;

– көп маданиятттуулукту калыптандыруу боюнча гуманитардык жана искусствотаануу циклдеринин предметтеринин мазмунун пайдалануу менен сабактан тышкаркы тарбиялык иштердин системасын иштеп чыгуу туура.

Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү басылмаларда чагылдырылган:

1. **Дергунова, Е.Ю.** Взаимосвязь языка и культуры при формировании личности [Текст] / Дергунова Е.Ю. // Сборник материалов научно-практической конференции «Білім сапасы: басқару, бақылаужәнебағалау». – Жезказган. – 2004. – С. 75-79.

2. **Дергунова, Е.Ю.** Язык и культура [Текст] / Дергунова Е.Ю. // Сборник материалов IV Международных Байконуровских чтений. – Жезказган–2004. – С. 180-185.

3. **Дергунова, Е.Ю.** Формирование поликультурной личности подростка при обучении иностранным языкам [Текст] / Дергунова Е.Ю. // Сборник материалов научно-практической конференции «Келешек-2006». – Жезказган. – 2006. – С. 37-41.

4. **Дергунова, Е.Ю.** К вопросу о формировании поликультурной личности студентов языковых специальностей [Текст] / Дергунова Е.Ю. // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева. – 2012. – №2. – С. 199-202.

5.**Дергунова, Е.Ю.** К вопросу о культуре и формировании личности [Текст] / Дергунова Е.Ю. // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева: специальный выпуск. – 2015. – С. 199-202.

6.**Дергунова, Е.Ю.**К вопросу о развитии поликультурной личности студентов вуза [Текст] / Дергунова Е.Ю. // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева: специальный выпуск. – 2015. – С. 193-196.

7. **Дергунова, Е.Ю.** К вопросу о культуре и формировании поликультурной личности [Текст] / Дергунова Е.Ю. // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева: специальный выпуск. – 2016. – С. 199-202.

8.**Dergunova,Y.U.** The analyses of the Kazakh cultural identity on the basis of Ilyas Yessenberlin’s work “The Nomads: The Charmed Sword” [Text] / M.M.Kydyrova, G.Tleuzhanova, Z. Kashkinbaeva, R.Kassenova, Y.U. Dergunova // Социосфера. – Прага, 2016. – №1. – С. 38-46.

9. **Дергунова, Е.Ю.** Педагогические условия формирования поликультурной личности студентов языковых специальностей ВУЗов [Текст] / Дергунова Е.Ю., Калдыбаева А.Т. // Universum: Психология и образование: электронный научный журнал. – 2017. – №5(35). URL: http://7universum.com/ru/psy/archive/item/4753.

10. **Дергунова, Е.Ю.** Вопросы поликультурного образования в Казахстане [Текст] / Дергунова Е.Ю., Калдыбаева А.Т. // Сборник материалов Международных XVII Байконуровских чтений. – Жезказган, 2017. – С. 181-183.

11. **Дергунова, Е.Ю.** Поликультурная компетентность и условия ее формирования [Текст] / Дергунова Е.Ю. // Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева: специальный выпуск. – 2017. – С. 262-264.

12. **Дергунова, Е.Ю.** Содержание понятия "личность" с позиции разных теоретических представлений [Текст] / Дергунова Е.Ю., Сарсембаева У.С.// Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева: специальный выпуск. – 2017. – С. 398-401.

13. **Дергунова, Е.Ю.** Диалог культур как один из компонентов поликультурного образования [Текст] / Дергунова Е.Ю., Жактаева А.К.//

Вестник Кыргызского государственного университета им. И. Арабаева: специальный выпуск. –2018.

14. **Dergunova, Y.U.** To the Issue of Multicultural Education in Kazakhstan [Text] / Dergunova Y.U., Kaldybaeva A., KashkinbayevaZ., Rakhimbekova G., Zhalelova G., Zhaktayeva A., Sarsembayeva U. // Paradigms of knowledge. – Прага. – 2018. – №3. – С. 25-38. http://sociosphera.com/paradigmata_poznani/paradigmata_poznani-3-2018/

15. **Дергунова, Е.Ю.** Роль языка, литературы и истории в сохранении национального кода [Текст] / Кашкинбаева З.Ж., Дергунова Е.Ю. // Сборник республиканской научно-практической конференции «Трехязычие – основа конкурентоспособности». – Аркалык. – 2018. – С. 179-184.

Дергунова Елена Юрьевнанын «ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көпмаданий инсанды калыптандыруунун педагогикалык шарттары» аталыштагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илиминин кандидаты даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

РЕЗЮМЕСИ

Түйүндүү сөздөр: маданият, инсан, полиаданий инсан, тил, калыптандыруу, полилингвизм, полимаданияттуулук, педагогикалык шарттар, модель, калыптануу деңгээли, критерийлер.

Изилдөө объектиси: жогорку окуу жайларындагы педагогикалык процесс.

Изилдөө предмети: чет тилин үйрөнүүдө педагогикалык процессте ЖОЖдун студенттеринде көпмаданий инсанды калыптандыруу.

Изилдөөнүн максаты: ЖОЖдо тил адистиги боюнча билим алган студенттерде көпмаданий инсанды калыптандыруунун педагогикалык шарттарын аныктоо.

Изилдөө усулдары: изилденген булактарды иликтөөгө алуу, маалыматтарды иштеп чыгуу усулдары, байкоо жүргүзүү (ачык, жабык, камтылбаган, текши, үзгүлтүксүз, тандалган), интервью, аңгемелешүү, анкета жүргүзүү.

Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы жана теориялык мааниси:

– студенттердеги көпмаданий инсанды калыптандыруунун теориялык негиздери изилденди;

– көпмаданий инсанды ийгиликтүү калыптандыруу үчүн педагогикалык шарттар аныкталды жана иштелип чыкты;

– полимаданий инсанды калыптандыруунун ар кыл деңгээлин диагностикалоого мүмкүндүк берүүчү критерийлердин, көрсөткүчтөрдүн жана индикаторлордун системасын, маңыздык мүнөздөмөсүн чагылдырып туруучу педагогикалык модель иштелип чыкты;

– ЖОЖдо тил адистигиндеги окутуу процессине биз иштеп чыккан «Полимаданият жана полилингвизм» атайын курсун жана аталган атайын курс боюнча окуу куралынын киргизилиши студентте көпмаданий инсанды калыптандыруу процессине позитивдүү таасирин тийгизди.

Изилдөөнүн практикалык мааниси ЖОЖдо студентте көпмаданий инсанды калыптандыруу үчүн педагогикалык процессте пайдаланууга мүмкүн болгон тажрыйбаны, эксперименталдык ишти изилдөөдө, педагогикалык шарттарды аныктоодо, моделдерди, методикалык сунуштарды иштеп чыгууда жатат. Иштелип чыккан «Полимаданият жана полилингвизм» атайын курсу жана аталган атайын курс боюнча окуу куралы тил адистигиндеги ЖОЖдордо окутуу процессинде пайдаланууга болот.

РЕЗЮМЕ

диссертации Дергуновой Елены Юрьевны на тему: «Педагогические условия формирования поликультурной личности студентов языковых специальностей вузов» на соискание учёной степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01 – общая педагогика, история педагогики и образования

Ключевые слова: культура, личность, поликультурная личность, язык, формирование, полилингвизм, поликультурность, педагогические условия, модель, уровни сформированности, критерии.

Объект исследования: целостный педагогический процесс в учреждениях высшего профессионального образования, осуществляющих подготовку педагогов по языковым специальностям

Предмет исследования: создание педагогических условий для эффективного формирования поликультурной личности студентов языковых специальностей вуза.

Цель исследования: выявить педагогические условия формирования поликультурной личности студентов языковых специальностей в вузе.

Методы исследования: изучение и анализ документационных материалов, литературных источников, педагогическое наблюдение, беседа, интервью, анкетирование, педагогический эксперимент, социометрия и методы обработки статистических данных.

Научная новизна исследования: выявлены и разработаны педагогические условия для успешного формирования поликультурной личности студентов языковых специальностей вузов; разработана структурно-содержательная модель, отражающая сущностные характеристики, систему критериев и показателей, позволяющих диагностировать различные уровни сформированности поликультурной личности студентов языковых специальностей вузов; доказано, что введение в процесс обучения языковых специальностей вузов разработанного нами спецкурса «Поликультурность и полилингвизм» и учебного пособия по данному спецкурсу позитивно влияет на процесс формирования поликультурной личности студентов языковых специальностей вузов.

Практическая значимость полученных результатов заключается в изучении опыта внедрения спецкурса и комплекса мер в деятельности конкретных вузов РК (ЖезУ, АркГПИ), экспериментальной работе по формированию поликультурности, определении педагогических условий успешного формирования искомого качества, разработке модели и методических рекомендаций, которые готовы к применению и могут быть использованы в педагогическом процессе для формирования поликультурной личности студентов языковых специальностей вузов как в РК, так и в других странах.

SUMMARY

of dissertation research of Dergunova Yelena Urievna on «Pedagogical conditions for forming a multicultural personality of language major students at higher education institutions» for acquiring a scientific degree of a candidate of pedagogical sciences on specialization 13.00.01 – general pedagogy, history of pedagogy and education

Key words: culture, personality, language, formation, multilingualism, multiculturalism, conditions

Object of the study: pedagogical process at higher education institutions at the linguistic majors.

Subject of the research: the formation of the pedagogical conditions for effective formation of multicultural personality of language major students

Purpose of the research: to identify the pedagogical conditions for forming a multicultural personality of language major students at higher education institutions.

Methods of the research: study and analysis of documentary and literary sources, observation, conversation, interviews, questionnaires, pedagogical experiment, sociometry and methods of statistical data processing.

Scientific novelty of the study:

– based on the study of theoretical sources, the scientific and theoretical foundations of a multicultural personality of language major students at higher education institutions have been identified and systematized.

– the pedagogical conditions for the successful formation of multicultural personality of language major students at universities have been identified and developed.

– a structurally meaningful model has been developed that reflects the essential characteristics, a system of criteria and indicators that allow diagnosing various levels of formation of the multicultural personality of language major students at universities.

– it is proved that the introduction of the special course "Multicultural foundation & Cross-cultural communication" and the manual for this special course into the process of teaching language specialties of universities positively affects the process of forming the multicultural personality of language major students at universities.

The practical significance of the results consists in studying the experience of introducing a special course and a set of measures in the universities of the Republic of Kazakhstan (ZhezU and ArkSPI), experimental work on the formation of multiculturalism, determining the pedagogical conditions for the successful formation of the desired quality, developing a model and methodological recommendations that can be used in the pedagogical process for the formation of a multicultural personality

of language specialties students of universities both in the Republic of Kazakhstan and the other countries.